# Улуттук банктын ноталары

*(2013-жылдын апрель айы)*

**1-график. Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана аларды жайгаштыруу**




Улуттук банктын ноталарынын апрель айында өткөрүлгөн беш аукционунда жарыяланган эмиссиянын көлөмү жалпы алганда 4,0 млрд. сомду түзгөн, бул өткөн айдын ушул эле көрсөткүчүнөн 11,1 пайызга жогору.

Суроо-талаптын орточо аукциондук[1] көлөмү апрель айында 21,5 пайызга төмөндөп, 902,3 млн. сомду түзгөн. Апрель айында сатуунун чогуу алгандагы көлөмү жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталар түрүндө сунушталган, сатуу түзүмүндө алардын көпчүлүк бөлүгү үч коммерциялык банк тарабынан 86,9 пайыз жалпы үлүшү менен сатылып алынган. Апрель айында сатуунун орточо аукциондук көлөмү өткөн айдын көрсөткүчүнө салыштырмалуу 13,1 пайызга төмөндөө менен 754,8 млн. сомду түзгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде эмитент тарабынан өткөрүлгөн аукциондордун көпчүлүгүндө ноталарга суроо-талап, апрель айынын баш жагынан бери Улуттук банктын акча-кредит саясатынын максаттарына ылайык аукцион ичинде 1,3 млрд. сомго чейин жогорулатылган сунуш көлөмүнөн алда канча арткан.

Улуттук банктын ноталарынын жалпы орточо алынган кирешелүүлүгү февраль айында 0,1 пайыздык пунктка төмөндөп, 2,9 пайызды түзгөн.

**2-график. Улуттук банктын ноталар боюнча суроо-талаптын, сатуунун көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде, жүгүртүүдөгү ноталардын көлөмү 3,1 млрд. сом деңгээлде түптөлүү менен 14,4 пайызга төмөндөгөн. Улуттук банктын

[1] Бул көрсөткүч ай ичинде суроо-талап/сунуштун жалпы көлөмүнүн ордуна пайдаланылат, анткени ай ичинде өткөрүлгөн аукциондордун саны туруксуз өлчөм болуп саналат.

ноталарына негизги ээлик кылуучулардан болуп саналышкан коммерциялык банктардын үлүшү резидент-юридикалык жактардын портфелинин салыштырма салмагынын 45,0 пайыздан 31,9 пайызга чейин бир убакта төмөндөөсүнөн улам ал 13,1 пайыздык пунктка, 68,1 пайызга чейин жогорулаган. Резидент – финансылык юридикалык жактардын үлүшү 0,7 пайызга чейин жогорулаган (+0,2 пайыздык пункт), ал эми резидент – финансылык эмес юридикалык жактардын үлүшү 13,3 пайыздык пунктка, 31,2 пайызга чейин төмөндөгөн. Жеке адамдар, институционалдык инвесторлор жана резидент эмес – юридикалык жактар аукциондордо катышышкан эмес.

**3-график. Улуттук банктын ноталары боюнча сунуунун динамикасы**




**1-таблица. Улуттук банктын ноталарынын аларга ээлик кылуучулар боюнча түзүмү**

*млн.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Резидент юридик. жактар | | Резидент жеке адамдар | | Институт. инвестор | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.05.2012 | 2,072.4 | 1,424.6 | 68.7% | 224.5 | 10.8% | 2.3 | 0.1% | 421.0 | 20.3% |
| 01.06.2012 | 2,196.2 | 1,471.2 | 67.0% | 129.2 | 5.9% | 4.8 | 0.2% | 591.0 | 26.9% |
| 01.07.2012 | 2,063.9 | 1,477.8 | 71.6% | 341.7 | 16.6% | - | 0.0% | 244.3 | 11.8% |
| 01.08.2012 | 1,950.0 | 1,646.8 | 84.5% | 171.5 | 8.8% | 2.0 | 0.1% | 129.7 | 6.7% |
| 01.09.2012 | 1,494.4 | 780.3 | 52.2% | 588.9 | 39.4% | 2.0 | 0.1% | 123.2 | 8.2% |
| 01.10.2012 | 1,775.4 | 1,492.2 | 84.0% | 218.4 | 12.3% | 2.0 | 0.1% | 62.8 | 3.5% |
| 01.11.2012 | 1,900.0 | 1,689.7 | 88.9% | 146.1 | 7.7% | 1.3 | 0.1% | 62.9 | 3.3% |
| 01.12.2012 | 1,900.0 | 1,640.0 | 86.3% | 139.0 | 7.3% | - | 0.0% | 121.0 | 6.4% |
| 01.01.2013 | 3,050.0 | 3,006.4 | 98.6% | 13.5 | 0.4% | - | 0.0% | 30.1 | 1.0% |
| 01.02.2013 | 3,379.5 | 3,316.9 | 98.1% | 40.6 | 1.2% | - | 0.0% | 22.0 | 0.7% |
| 01.03.2013 | 3,600.0 | 2,562.7 | 71.2% | 1,036.0 | 28.8% | 1.3 | 0.0% | - | 0.0% |
| 01.04.2013 | 3,673.1 | 2,019.8 | 55.0% | 1,653.3 | 45.0% | - | 0.0% | - | 0.0% |
| 01.05.2013 | 3,143.0 | 2,140.5 | 68.1% | 1,002.5 | 31.9% | - | 0.0% | - | 0.0% |